Жобо ОшМПУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитилди
протокол № 2
“ 18 ” ноябрь 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ОшМПУнун ректору,
и.и.д., профессор Б.Б. Зулуев
_____
“ ___ ” _____ 2024-ж.

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде уюштурулуп жаткан студенттердин “Кесиптик-профилдик” практиканы өтүүдөгү **“Мыкты санарип практикант”** конкурсунун

ЖОБОСУ

1. Жалпы жоболор

1.1. “Мыкты санарип практикант” конкурсу. Конкурстун жүрүү тартибин, максатын, маселелерин, катышуу шарттарын, конкурска сунушталган материалдарды каттоо тартибин, баалоо критерийлерин, тандоо тартибин жана конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо эрежелерин камсыздайт.

1.2. Конкурс кадимки шартта (буга чейинки өтүлгөн педагогикалык практикаларда чогултулган материалдарын негизинде) жүргүзүлөт.

1.3. Конкурсант практика учурунда даярдаган материалдарын конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнө конкурска арыз жазган күндөн баштап тапшыра баштайт, арыз алуу күнү токтотулганга чейин. Өтүлгөн жаңы теманын видеосу (бирөө гана), ачык сабактын видео-слайды, ачык тарбиялык сааттын видео слайды, башка тиркемеден өткөн сабактарынын материалдары, кайтарым байланыштын материалдары, көрсөтмө куралдар, мектеп жетекчилиги берген мүнөздөмөсү, календарлык тематикалык планы, (түп нускасы), күндөлүгү (түп нускасы). Бул материалдардын бардыгы конкурсант практика өткөргөн мөөнөткө дал келиши керек.

1.4. Конкурсант өзү буга чейин өткөн практикасын конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусу менен баяндап, айтып берет (так, тыкан, чыгармачылык менен, практиканын жетишкен жагын баса көрсөтүүсү зарыл).

1.5. Конкурсантын башка өнөрү (ырдайт, бийлейт, комуз чертет, көркөм окуйт ж.б.) .

1.6. Конкурстун катышуучулары үчүн бардык талаптар жана шарттар бирдей болот.

1.7.Конкурс ачык - айкын жүргүзүлөт.

1.8. Конкурстун уюштуруучулары болуп ОшМПУнун “өндүрүштүк практика” бөлүмү саналат.

2. Конкурстун максаты: ОшМПУда педагогикалык практикаларды өткөрүү мезгилинде практиканттардын иш аракетин баалоо жана ЖОБОСУ практиканттардын маалыматтык-коммуникация технологиясын пайдалануусун жакшыртуу.

3. Конкурстун милдеттери:

- педагогикалык практикаларды өткөрүүдө практиканттарга мотивация берүү. Усулчулардын окутуунун жаңы технологиялары менен иш алып баруусуна көмөк көрсөтүү;

- практика учурунда активдүүлүктү көрсөткөн, таланттуу, келечекте мыкты мугалим боло ала турган практиканттарды аныктоо;

4. Конкурстун катышуучулары: А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогикалык багытындагы 4- курстун студент-практиканттары катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот, (ал эми колледжде 3-курстун студенттери). Ар бир адистиктен бирден гана практикант катыша алат.

1.9. Конкурстун номинациясы: ***"Мыкты санарип практикант".***

2. Конкурска катышуунун шарттары жана тартиби:

2.1. Конкурстун катышуучулары конкурска катышуу боюнча арызын "өндүрүштүк практика" бөлүмүнө тапшырып, каттоодон өтөт.

2.2. Конкурска катышуу арызын берүү үчүн сунушталган форманы толтуруу зарыл: арыз берүүчүнүн жекече маалыматы (ФАА, курсу, адистиги, тайпасы, өтөгөн практиканын аталышы, e-mail дареги, телефону)

2.3. Студент-практикант конкурс талап кылган материалдардын бардыгын арызга көрсөтүү менен конкурска жооптуу бөлүмгө көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин тапшырууга милдеттүү (каттоодон өтүү).

2.4. Катышуучу конкурска өз материалдарын сунуштоо менен конкурстун талаптарын так аткарууга милдеттенет.

2.5. Конкурсанттын арыз тапшыруусу жетектеген усулчу менен бирге жүргүзүлөт (б.а.макулдугу менен)

2.6. Конкурска катышуу үчүн арыздар көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде гана кабыл алынат (2024-жылдын ноябрь).

2. Конкурстун катышуучуларын жана жеңүүчүлөрүн колдоо.

3.1. Бул жобо "Мыкты санарип практикант" конкурсун өткөрүү тартибин аныктайт, конкурстун түзүмүн белгилейт, конкурсттук сыноолордун форматын, регламентин, баалоо критерийлерин, катышуучулардын, калыстар тобунун жана эсептөө комиссиясынын

курамына талаптарды, материалдарды берүү тартибин жана мөөнөттөрүн, конкурстун жеңүүчүсүн аныктоо тартибин аныктайт.

3.2. Конкурстун негизги принциптери болуп жол-жоболордун айкындуулугу, ачыктыгы жана анын бардык катышуучулары үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу саналат. Конкурс төмөнкү номинациялар боюнча өткөрүлөт:

- Гран-при "Мыкты санарип практикант";
- 1-орун "Мыкты санарип практикант";
- 2-орун "Мыкты санарип практикант";
- 3-орун "Мыкты санарип практикант";
- "Краевтивдүү практикант";
- "Санарип практикант";
- "Таланттуу практикант";
- "Заманбап практикант";
- "Коммуникативдүү практикант";
- "Үлгүлүү практикант".

3.2. Ар бир орун атайын диплом жана сыйлыктар(грамоталар) менен сыйланат.

3.3. Конкурсантты жетектеген усулчу дагы ушундай эле байгелүү орундарга ээ болот жана сыйланат.

Конкурсту өткөрүүнүн мөөнөтү:

1.	2024-жыл 18-ноябрдан 26-ноябрга чейин	Конкурска катышуу үчүн арыз берүү
2.	2024-жыл 27-ноябрь	Арыздарды кабыл алууну аяктоо
3.	2024-жыл 28-ноябрь	Конкурстук комиссияны дайындоо
4.	2024-жыл 2-декабрдан 6-декабрга чейин	Конкурсанттардын ачык сабактарына катышуу жана анализ берүү
5.	2024-жыл 10-20-декабр-га чейин	Конкурсту өткөрүү жана сыйлоо

4. Комиссиянын составын дайындоо тартиби

4.1. Конкурстун тапшырмаларын баалоо үчүн уюштуруучу ("өндүрүштүк практика" бөлүмү) тарабынан аталган окуу жайда иштеген, көз карандысыз комиссия дайындалат.

4.2. Комиссиянын мүчөлөрү болуп, усулчулар, окуу жайдын ар түрдүү тармагын жетектегендер, педагогдор, мектептин адистери киришет. Комиссиянын курамы жалпы 7 (жети) адамдан турат.

4.3. Конкурсту комиссиянын мүчөлөрү дайындалган күндөн тарта, конкурстун катышуучулары менен түз байланышта болууга, конкурс тууралуу талкуулоого, маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат. Аталган шарттарды комиссия мүчөсү аткарбаса, ошол күндөн ишмердүүлүгү токтотулат.

4.4. Конкурстун катышуучусун баалоонун жүрүшүндө ар бир комиссия мүчөсү ар бир критерий боюнча койгон баллын протоколдоштурат, коюлган баллдын орточо саны эсептелинет, орточо алынган балл боюнча катышуучулардын рейтинги чыгарылат.

4.5. Жыйынтыгында конкурстун уюштуруучусу ("өндүрүштүк практика" бөлүмү) аталган номинация боюнча жыйынтык баллдарынын рейтинг тизмесин жарыялайт.

5. Конкурска катышкан катышуучуларды баалоонун критерийлери: ***"Мыкты санарип практикант"***

Предмет_____күнү_____
Тема_____
Конкурсанттын аты, жөнү _____
Классы _____Окуучулардын саны_____

№	*Критерийи*	*Баллынын саны*	*Эскертүү*
1.	Уюштуруу. Сабактын максатын аныктоо, убактысы	1 2 3 4 5	
2.	Үйгө берилген тапшырманы сурап текшерүүдө конкурсанттын чеберчилиги (өтүлгөндөрдү кайталоо, бышыктоо жана жалпылаштыруу)	1 2 3 4 5	
3.	Сабакты актуалдаштыруу (жаңы теманы өтүүдө конкурсант мурдагы өтүлгөндөр менен байланыштыруу)	1 2 3 4 5	
4.	Сабактын жабдылышы (окуу китептери, колдонмолор, көргөзмө куралдар, техникалык каражаттар ж.б.болушу)	1 2 3 4 5	
5.	Сабак процессинде кызматташтык педагогикасынын элементтерин колдонулушу	1 2 3 4 5	
6.	Окуучулар менен жекече иштөөсү	1 2 3 4 5	
7.	Сабакты жыйынтыктоо	1 2 3 4 5	
8.	Үйгө тапшырма берүү	1 2 3 4 5	
9.	Баалоо	1 2 3 4 5	
10.	Сабактын структурасынын сакталышы	1 2 3 4 5	

11.	Сабакты өтүүдөгү конкурсанттын жетишпеген жактары	1 2 3 4 5	
12.	Келечекте өзүн мугалим катары көрсөтө алуу чеберчилиги. (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу)	1 2 3 4 5	

Сунуштар:_____

_____

_____

_____

_____

Жалпы бааллы:_____

Комиссиянын мүчөсү:_____ _____

аты, жөнү **колу**

"Мектепке чейинки билим берүү" **адистиги боюнча конкурска катышкан катышуучуларды баалоонун критерийлери:** ***"Мыкты санарип практикант"***

Предмет_____***күнү***_____

Тема_____

Конкурсанттын аты, жөнү _____

Тайпасы _____***Балдардын саны***_____

№	*Критерийи*	*Баллынын саны*	*Эскертүү*
1.	Уюштуруу. Сабактын максатын аныктоо, убактысы	1 2 3 4 5	
2.	Сабакты актуалдаштыруу (жаңы теманы өтүүдө конкурсант мурдагы өтүлгөндөр менен байланыштыруу)	1 2 3 4 5	
3.	Сабактын жабдылышы (окуу китептери, колдонмолор, көргөзмө куралдар, техникалык каражаттар ж.б.болушу)	1 2 3 4 5	
4.	Сабак процессинде кызматташтык педагогикасынын элементтерин колдонулушу	1 2 3 4 5	
5.	Балдар менен жекече иштөөсү	1 2 3 4 5	
6.	Сабакты жыйынтыктоо	1 2 3 4 5	
7.	Баалоо	1 2 3 4 5	
8.	Сабактын структурасынын сакталышы	1 2 3 4 5	
9.	Сабакты өтүүдөгү конкурсанттын	1 2 3 4 5	

	жетишпеген жактары		
10.	Келечекте өзүн тарбиячы катары көрсөтө алуу чеберчилиги. (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу)	1 2 3 4 5	

Сунуштар:_____

_____

_____

_____

_____

Жалпы бааллы:_____

Комиссиянын мүчөсү:_____ _____

аты, жөнү **колу**

1 2 3 4 5 Критерийлерге 1 ден 5 баллга чейин балл коюлат.

Ошону менен бирге конкурсанттын "Кесиптик-профилдик" практика мезгилиндеги күндөлүгүнүн толтурулушу, өтүлгөн ачык сабактарынын, тарбиялык сааттарынын иштелмелери, практика мезгилиндеги колдонулган көрсөтмө куралдары кошо көрсөтүлөт жана бааланат.

Комиссиянын ар бир мүчөсү баллдарды койгон соң, орточо балл чыгарылат жана ал жыйынтыктоочу болуп эсептелет.

6. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана жарыялоо.

7.1. Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн тизмеси ОшМПУнун сайтына жарыяланат.

7.2. Конкурстун жеңүүчүлөрүнө тиешелүү маалыматтар жеткирилет.

7.3. Конкурстун аягында жеңүүчүлөр дипломдор жана мактоо баракчалары менен сыйланат.

ОшМПУнун өндүрүштүк практика бөлүмү